**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**
**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси**

Жобо ЖАМУнун
Окумуштуулар кеңешинде
каралып, бекитүүгө сунушталган.
Протокол №___5___
“_31_” ___05___ 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
ректору, т.и.д., профессор
______________ К.Усенов
“_03_” ___02___ 2025-ж.

# Бүтүрүүчү квалификациялык иштерин жазуу жана коргоо боюнча жобо

**Жалал-Абад-2025**

## 1.ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. Бүтүрүүчү квалификациялык иштерин жазуу жана коргоо боюнча жобо(мындан ары Жобо) Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын, жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик аттестациялоо жөнүндөгү жобосунун (КРнын. Өкмөтүнүн 2024-жылдын 22-майындагы №258-токтому менен бекитилген). ЖАМУнун уставынын негизинде түзүлдү.

1.2.Бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткаруусу жана коргоосу ЖАМУнун бүтүрүүчүсүнүн жыйынтыктоочу аттестациялоо сынагынын жазуу жүзүндөгү формасы болуп саналат.

1.3. Бакалавр жана адистик боюнча квалификациясы үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иши формасында аткарылат.

Студент бүтүрүүчү квалификациялык ишти коргоо менен окуу процессинде алган билимин гана далилдебестен өндүрүштүк чөйрөдө: мекеме, уюм, ишканаларда өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүн сунуштоо ыкмасын да көрсөтө алат.

## 2. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин аткарылышы

### 2.1.Квалификациялык ишти аткаруунун максаты жана милдеттери

Бакалавр жана адистик боюнча квалификациясына бүтүрүүчү квалификациялык ишин аткаруунун негизги максаты студенттин адистик боюнча алган теориялык жана практикалык билимин системалаштыруу жана өнүктүрүү аркылуу турмушта колдоно билүү.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштерди аткаруудагы негизги милдеттери катары төмөндөгүлөр эсептелет:

- адистик боюнча көйгөйлүү маселелерге карата өзүнүн жекече көз карашын калыптандыруу, жалпылаштыруу жана сын көз караштар менен баалоо жөндөмдүүлүгүн өстүрүү;
- изилдөөнүн планын иштеп чыгуу, топтолгон маалыматтарга анализ жасай билүү жана интерпретациялоо, практикалык илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө даяр болуу;
- жүргүзүлүп жаткан изилдөөсүндө актуалдуу, жаңы табуулар менен тийиштүү проблемалык суроолорду чечүүдө конкреттүү сунуштарды киргизе билүү жана корутунду жасоо;
- практикалык иш аракеттер үчүн зарыл болгон өз алдынчалык, аналитикалык жана изилдөөчүлүк ык-машыгууларды стимулдаштыруу, заманбап изилдөөчүлүк жана компьютердик техника менен иштөөдөгү усулдарды үйрөнүү, коюлган максатка жетүүнүн жолдорун издөөнү үйрөнүү.

### 2.2.Бүтүрүүчү квалификациялык иштерине коюлуучу талаптар:

- тандалган теманын актуалдуулугунун, теориялык жана практикалык маанилүүлүгүнүн аргументтештирилиши; конкреттүү маселени изилдөөдө студенттин өз алдынчалуулугу жана системалуу иштөөсү; тандалган тема боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, өкмөттүн чечимдерин, нормативдик-укуктук актыларын, жоболорун, инструкцияларын жана ошол багыт боюнча илимий изилдөөлөрдү колдоно билүүсү;
- бүтүрүүчү квалификациялык иштеги каралуучу суроолор боюнча бүтүрүүчүнүн аргументтүү позициясын калыптандыруу жана ар тараптуу талдап чыгуусу;
- изилдөөнүн натыйжаларын так, логикалык ырааттуулукта баяндоо жана ишти сабаттуу, туура жасалгалоо.

Теманын үстүндө иштөөдө бирдиктүү талаптар кеңири демилгелүүлүктү жана чыгармачылык ишмердүүлүктү чектебейт.

Бүтүрүүчү жазган квалификациялык иш плагиятка каршы программадан милдеттүү түрдө өткөрүлөт. Анын жол жобосу атайын жободо көрсөтүлгөн.

### 3. Бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын тандоо жана бекитүү

3.1.Бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын туура тандоо, иштин ийгиликтүү жыйынтыкталышына болгон негизги жана жоопкерчиликтүү аракет болуп эсептелет. Бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын тийиштүү кафедра тарабынан иштелип чыккан темалардын арасынан тандайт же өзү сунуштайт.

Ар бир окуу жылында квалификациялык иштердин темаларын бекитүүгө сунуштоодон мурда акыркы беш жылда кайталанбоосун эске алуу зарыл. Студентке университет белгиленген тартипте бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасын тандап алуу, өзү каалаган теманы сунуштап, аны иштеп чыгуунун максатка ылайыктыгын далилдөө менен укук берилет. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти аткаруу үчүн студентке жетекчи атайын буйрук менен бекитилет. Бакалаврдын бүтүрүүчү иштери жасалган курстук иштер менен долбоорлорду жалпылоого негизделип, теориялык окутуунун аягында жактоого даярдалат. Студент өзүнүн темасын сунуш кылууда же теманын аталышын өзгөртүүдө ЖАМУнун ректоруна тиешелүү мазмундагы арыз менен кайрылуусу зарыл.

3.2.Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишинин темасын тандоодо төмөндөгүлөрдү эске алуу керек:

- изилденүүчү теманын практикалык базанын талабына дал келүүсү;
- практикалык базанын конкреттүү материалдарын колдонуу мүмкүнчүлүгү;
- теманын окуу процессинде студент тарабынан даярдалган илимий доклад, макала, курстук иш ж.б.у.с. аткарылган иштериндеги илимий көз караштары менен дал келүүсү;

Бүтүрүүчүнүн квалификациялык иши студенттин атайын бекитилген илимий-изилдөө темасы боюнча да аткарылышы мүмкүн;

3.3.Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишинин темасы, илимий жетекчиси жана рецензенттери кафедра башчысынын сунушунун негизинде декандын кол белгиси коюлуп, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору тарабынан бекитилет.

3.4. Бүтүрүүчү билим берүү программаларын толук аткарып, бирок мамлекеттик сынактарга түрдүү шарттар менен катыша албай же мамлекеттик сынактардан канааттандыраарлык эмес баа алып, квалификациялык ишти коргоого укугу жок болуп окуу жайдан чыгарылса, кайра тикеленип жаткан студенттин арызына (тикеленүү шарттарынан сырткары) квалификациялык иштин темасы, илимий жетекчиси жана рецензенттери боюнча кафедра башчысынын билдирүүсү тиркелип, иштин темасынын бекитилгендиги жөнүндө буйрук чыгарылат жана анын негизинде квалификациялык ишти коргоого уруксат берилет.

### 4. Бүтүрүүчүнүн квалификациялык иштерин аткаруу тартиби, түзүмү жана мазмуну

4.1.Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишинин темасы бекитилгенден кийин студент теманын мазмунуна ылайык келген адабияттар менен таанышып, өз алдынча план түзөт жана илимий жетекчиси менен макулдашат. Алдын ала түзүлгөн план боюнча бүтүрүүчү квалификациялык иштин максаты жана милдеттери коюлуп, аны чечүүнүн жолдору изделет.

4.2.Бүтүрүүчү квалификациялык иштин мазмуну төмөндөгүлөрдөн турат: титулдук баракча, киришүү, бир нече баптан турган негизги бөлүм, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмеси (12 адабияттан кем болбогон), тиркемелер.

Квалификациялык иштин көлөмү ар бир адистик боюнча (информатика жана эсептөө техникасы багытынан башка адистиктер) 1,5 аралыктагы 14-шрифте печатталган тексттен туруп, бакалавр жана адистик үчүн жалпы 30 барактан кем эмес (кол жазма түрүндө 60-70 барак), орто окуу жайлары үчүн 40-60 барак кол жазмада же 20 барактан кем эмес печатталган текстте жазылат. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти жазууда окутуунун тили сөзсүз түрдө эске алынуусу зарыл.

Киришүүдө теманын актуалдуулугу жана изилденүү даражасы талданып, изилдөөнүн конкреттүү максаты жана милдеттери аныкталат. Көлөмү боюнча киришүү 3-4 беттен (ОКОЖ-2 бет) турат.

Негизги бөлүк баптардан, параграфтардан, пункттардан туруп, логикалык ырааттуулукта теманын мазмуну ачылып берилет. Баптардын, параграфтын жана пункттардын саны изилденүүчү проблемалардан жана каралуучу маселелерден көз каранды болуу менен регламенттелбейт.

Негизги бөлүк изилденип жаткан маселенин теориялык негиздерин, мазмунун жана аткарылган иштин негизги жыйынтыктарын чагылдырат. Биринчи бап теориялык мүнөздө болот, мында адабияттар менен таанышуу аркылуу изилденүүчү маселенин келип чыгуусу, изилденүү этаптары, илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары жөнүндөгү маалыматтар талданат.Аныктамалардын жана тыянактарынын негизинде студент өзүнүн көз караштарын аргументтештирет.

Кийинки баптар аналитикалык мүнөздө болот. Конкреттүү обьектинин мисалында изилденип жаткан маселенин учурдагы абалы талданат. Негизги баптарда максаттуу түрдө учурдагы тажрыйба анализге алынып баа берилет, жыйналган биринчилик иш кагаздардын, статистикалык маалыматтардын негизинде өнүгүү тенденциясынын мыйзам-ченемдүүлүктөрү ачылып көрсөтүлөт жана теория менен практиканын байланышы чагылдырылат.

Корутундулоо квалификациялык иштин темасынын изилденүү маселелерин, суроолору боюнча жыйынтыктарды, конкреттүү сунуштарды жана рекомендацияларды камтыйт. Корутундулоо тезис түрүндө жазылып, 3-4 беттен туруусу сунушталат. Корутундулар жана сунуштар аргументтүү болуп, практикалык маанилүүлүгү чагылдырылат.

Колдонулган адабияттардын тизмеси менен квалификациялык иш аяктайт. Адабияттардын тизмесине ишти аткарууда объективдүү пайдаланылган гана басылмалар киргизилет.

Тиркемелер квалификациялык иш үчүн жардамчы материал болуп эсептелет жана ага аралык эсептөөлөр, таблицалар, сандык маалыматтар, формулалар, иллюстрациялар кирет.

Квалификациялык ишти жазуу процессинде студент кафедра тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө илимий жетекчисинен кеңеш алып турат.

4.3.Педагогика багытындагы билим берүү программалары үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иш окутуунун усулдары боюнча жазылышы керек жана илимий багыттагы иштердин бир бабы мектеп (орто кесиптик билим берүү) программаларында колдонулушунун усулу камтылышы зарыл.

## 5. Бүтүрүүчү квалификациялык ишинин жасалгаланышы:

- Квалификациялык иш (кафедранын чечими менен кол жазма же компьютерде) окутуунун тилин (мамлекеттик, расмий ж.б.) эске алып, сабаттуу жазылат;
- квалификациялык иштин баш сүйлөмдөрүндөгү сөздөр ташымал болбойт, сүйлөмдүн акырында чекит коюлбайт, параграфтын, схемалардын, таблицанын аталыштары беттин акырына жазылбайт;
- текстте колдонулуучу терминдер кыскартылган түрүндө жазылуусу мүмкүн, бирок термин биринчи колдонулган учурда толук чечмеленилиши керек; текст таза барактын бир жак бетине А4 форматына (210-297 мм) жазылат жана төмөнкүдөй чен өлчөмдөр сакталышы керек: барактын жээгинен текст сол жагынан 30 мм кем эмес, оң жагынан 10 мм, жогору жана төмөн жагынан 20 мм калтырылып жазылат;
- киришүү, ар бир бап, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмеси жаңы барактан башталып жазылат;

– текcттеги бап жана бөлүмдөрдүн аталышынан кийинки тексттин аралыгы 12 мм же 3 интервалга, ал эми тексттин акыркы сабынан андан кийинки жазылуучу тексттин аталышына чейинки аралык 16 мм же 4 интервалга барабар болуусу керек;

– текстти баяндап жазууда логикалык байланыш сакталуусу зарыл, иштин бөлүктөрүнүн аталышы андагы чагылдырылуучу материалдын мазмунуна толук жооп бериши керек.

– элементтерди, белгилерди саноодо дефис, сандар, тамга белгилери колдонулат.

– таблицаларды, иллюстрацияларды, формулаларды номерлөө баптын чегинде араб цифралары менен белгиленет.

Титулдук баракча квалификациялык иштин биринчи бети болуп саналат.

Иштин мазмуну титулдук баракчадан кийин жайгашат жана квалификациялык иш жазылып бүткөндөн кийин жасалгаланат. Анда баптардын жана параграфтардын аталышы, беттердин катар номери коюлат. Беттердин катар номери титулдук баракчадан баштап тегиз ирети менен эсептелип коюлат, Титулдук баракка номер коюлбайт.

Тексттеги иллюстрация, формулалар, чиймелер өзүнчө беттерге жазылып, номерлөөгө кошулат. Көлөмдүү форматтагы чиймелер, иллюстрациялар тиркемеге жайгаштырылат. Таблицадан мурун текст жазылып, анда мааниси боюнча төмөндөгү таблицанын материалын карап чыгуу зарылдыгы келип чыгышы айтылат. Ар бир таблица статистикалык талап боюнча жабдылып, иштин мазмунуна толук жооп бере турган так тематикалык аты болот. Жогорку жагынан оң тарабында «Таблица» деген сөз баш тамга менен жазылып, номерленет. Бардык таблицаларга текстте шилтеме болуш керек. Таблица биринчи шилтемеден кийин берилет. Таблица ташымалданса, анын графалары катары менен араб цифралары менен номерленип, ал номер кийинки бетте да көрсөтүлөт. Таблицадагы бөлчөк сандар ондук бөлчөктү, сандык белгилери болсо бир графанын ичинде бирдей сандагы ондук белгилерден турат.

Иллюстрациялар текстте көрсөтүлгөн биринчи шилтемеден кийин жайгашып, так жана көрком болушу зарыл. Иллюстрациялар жалпы негизде «Сүрөт» деп белгиленет жана номерленет. Мисалы: Сүрөт 3.1 бул үчүнчү баптын биринчи сүрөтү, эгерде иллюстрация квалификациялык иште бирөө гана болсо, ал белгиленбейт жана номерленбейт.

Формулалар саптын ортосунда жайгаштырылат, анын мааниси, символдору, сандын коэффициенттери формуланын төмөн жагына көрсөтүлөт. Ар бир символдун жана сандын коэффициентинин мааниси жаңы сапта берилет эгерде формула бир сапка батпаса ал кайсы бир белгиден кийин ташымалданат.

Текстте цитаталарды жазуу ГОСТ Р 0.7-2008 “Библиографиялык шилтеме. Жалпы талаптар жана текст түзүү эрежелери” стандартынын негизинде жүргүзүлүүсү зарыл.

Квалификациялык иштин акыркы бетинде текст жазылып бүткөндөн кийин автордун колу жана аткарылган күндүн мөөнөтү жазылат. Жазылып бүткөн квалификациялык иш мукабаланып, атайын папкага салынат.

## 6.Бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишин жактоо жана сактоо.

Автор кол койгон квалификациялык иш илимий жетекчисине сунушталат. Жумушту карап чыгып жактыргандан кийин илимий жетекчи жазуу жүзүндөгү пикири менен кафедра башчысына сунуштайт. Пикирде студенттин даярдыгын. теориялык жана практикалык деңгээлин, анын изилдөө ишин аткаруудагы өз алдынчалуулугун мүнөздөйт.

Кафедра башчысы жана адистиги туура келген профессордук-окутуучулук курамдан турган комиссия бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишин атайын бекитилген графиктин негизинде алдын ала коргоодон өткөрүп (теманын максаты жана милдеттеринин чечмелениши, иштин мазмунунун темага дал келиши же тескерисинче, көчүрүп жазуу (плагиат, корутундулардын негизсиздиги, ж.б.), протокол менен белгиленип, кафедра башчысынын колу менен күбөлөндүрүлүп, жактоого киргизилет. Алдын ала коргоодон өткөрүлгөн бүтүрүүчүнүн квалификациялык иши рецензиялоого жөнөтүлөт.

Рецензент катары ишканалардын, илимий мекемелердин жогорку квалификациялуу адистери жана окуу жайлардын окутуучулары дайындалат. Рецензиялоодо аткарылган иш беш баллдык система боюнча бааланат жана рецензент иштеген ишкананын бланкасында даярдалат же ишкананын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Рецензияланган квалификациялык ишке эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбейт.

Студент коргоого эки күн калганда рецензия жана жетекчинин пикири менен тааныштырылат. Квалификациялык ишти коргоо учурунда рецензент жана жетекчисинин катышуусу зарыл. Жалпы квалификациялык ишти жактоо процедурасы 30 минутага созулат. Студентке иштин мазмуну жана айкын сунуштарды камтыган доклад жасоого 15 минута убакыт берилет. Студенттин докладынан кийин МАКтын мүчөлөрү тарабынан кыскача жана ар тараптуу жооп берүүсүүчүн ага теманын алкагында суроолор берилиши мүмкүн.

Жактоонун аяктоосу менен МАКтын жабык кеңешмесинде коргоонун натыйжалары талкууланат жана «5» баллдык баалоо боюнча көпчүлүк добуш менен анын ишин баалоо чечими кабыл алынат жана квалификация берүү жөнүндөгү жыйынтык чечим жарыяланат.

Квалификациялык ишти тапшыруу жана коргоого киргизүү жөнүндөгү белгилер, МАКтын бүтүрүүчүгө квалификация берүү жөнүндөгү токтому техникалык катчы тарабынан сынак китепчесине толтурулат жана МАКтын төрагасы (төрайымы) жана мүчөлөрүнүн колдору коюлуп, тастыкталат.

Квалификациялык иштер корголуп бүткөндөн кийин техникалык катчы же бүтүрүүчү кафедранын башчысы тарабынан ЖАМУнун архивине өткөрүп берүү жөнүндө акт түзүлүп, 15 календардык күндүн ичинде өткөрүлөт. Тапшыруу, кабыл алуу жөнүндөгү актынын бир нускасы окуу бөлүмүнө тапшырылат.

ЖАМУнун бакалавр жана орто кесиптик инженердик-техникалык адистери үчүн бүтүрүүчү квалификациялык иштин түзүлүшү.

1. Киришүү
2. Архитектордук-курулуштук бөлүм
3. Конструтивдик-эсептик бөлүм
4. Өндүрүштүн технологиясы жана уюшулушу
5. Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук (граждандык коргонуу)
6. Айлана чөйрөнү коргоо
7. Экономика
8. Илимий-изилдөө иштери
9. Корутунду
10. Адабияттардын тизмеси

№1 тиркеме

Титулдук баракчанын формасы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси

________________________________________________________кафедрасы

КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШ

Темасы_____________________________________________________________
____________________________________________________________________
____________________________________________________________________

Аткарган_____________ ____________________
тайпасынын студенти студенттин аты-жөнү

Илимий жетекчи
________________________ _____________________
иштеген жери,илимий даражасы жетекчинин аты-жөнү
же кызматы

Рецензент
________________________ ____________________
иштеген жери,илимий даражасы жетекчинин аты-жөнү
же кызматы

_____________________
кафедрасынын башчысы
тарабынан коргоого уруксат берилди
______________________________
“__________”____________2025-ж

Жалал-Абад-2025

№2 тиркеме
(Өндүрүштүн печаты менен бекитилет)
Рецензиянын формасы

Рецензия

______________________________________________________________

студенттин аты-жөнү

Тема:__________________________________________________________

______________________________________________________________

Рецензент тарабынан берилип жаткан пикирде төмөндөгүлөр камтылышы керек жана ар бири жаңы жолчодон башталат:

1. Теманын актуалдуулугу
2. Теманын алкагында коюлган маселелердин толуктугу жана ар тараптуу изилдениши
3. Квалификациялык иштин жетишкендиктери жана сунуштар
4. Иштин жасалгаланышынын сапаты
5. Баалоо

Рецензент________________________ ____________________

кызматы, иштеген орду аты-жөнү

"________"_____2025-ж

Жалал-Абад-2025